## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
## КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 120-беренесинин жана 267-беренесинин 5-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча өндүрүштү кайра жандандыруу тууралуу

## АНЫКТАМАСЫ

2025-жылдын 8-сентябры Бишкек ш.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу – Э.Ж. Осконбаев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, К.А. Дуйшеев, Л.Ч. Жолдошева, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиев курамында, катчы С.А. Джолгокпаеванын катышуусунда “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 43-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин (мындан ары – КЖПК) 120-беренесинин жана 267-беренесинин 5-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча өндүрүштү кайра жандандыруу жөнүндө маселени сот отурумунда карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**Т А П Т Ы:**

М.М. Жорокуловдун, Т.У. Музулмановдун, С.А. Матцаковдун жана Н.Ж. Жаныбековдун кайрылуулары боюнча КЖПКнын 120-беренесинин

жана 267-беренесинин 5-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча өндүрүш Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2025-жылдын 23-майындагы аныктамасы менен токтотулган.

Иш боюнча өндүрүштү токтото турууга С.А. Матцаковдун жана Н.Ж. Жаныбековдун соттук отурумду, эгерде ал 2025-жылдын майынан тартып августка чейинки мезгилде дайындалса, Н.Ж. Жаныбеков окуу үчүн Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары пландалып жаткан болуусуна байланыштуу кыйла кечирээк мөөнөткө которуу жөнүндө өтүнүчү негиз болгон. Аталган өтүнүч соттук отурумга анын жеке катышуусун камсыз кылуу зарылчылыгы менен негизделген.

Мындан тышкары, иш боюнча кайрылуучу тарап болуп саналган М.М. Жорокуловдун жана Т.У. Музулмановдун соттук отурумду кийинкиге жылдыруу боюнча каршылыгы жок экендиги жөнүндө жазуу жүзүндөгү ырастоосу эске алынды. Ишти кароонун мыйзамда белгиленген мөөнөттөрүн эске алуу менен Конституциялык сот иш боюнча өндүрүштү келип чыккан тоскоолдуктарды жоюу үчүн зарыл болгон мөөнөткө токтоткон.

"Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 43-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык иш боюнча өндүрүш аны токтото туруу үчүн негиз болгон жагдайлар жоюлганда жандандырылат.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 43, 48, 49 жана 52-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**АНЫКТАДЫ:**

1. М.М. Жорокуловдун, Т.У. Музулмановдун, С.А. Матцаковдун жана Н.Ж. Жаныбековдун кайрылууларына байланыштуу КЖПКнын

120-беренесинин жана 267-беренесинин 5-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча өндүрүш кайра жандандырылсын.

2. Сот отуруму Бишкек шаарынын Эркиндик проспектиси 39 дарегиндеги Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун имаратында 2025-жылдын 17-сентябрына саат 9:30ка дайындалсын.

3. Ишти кароонун убактысы жана орду жөнүндө тараптарга жана үчүнчү жактарга билдирилсин.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**